2019-2020-окуу жылынын 30-майында Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектебинде өтүлгөн № 5 педагогикалык кеңешинин пратаколу.

Катышты: 35 Себептүү: 1 Себепсиз: 0

Педагогикалык кеңештин төрагасы - Кашкариев Азамат Бийболотович.

Педагогикалык кеңештин катчысы - Бакаева Асель Садыбакасовна.

Күн тартибинде:

1. Мугалимдерди 2020-2021-окуу жылына топтоштуруу.

Угулду: Окуу бөлүмүнүн башчысы Айгүль Джеңишбековна Токоеванын баяндамасы.

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан тастыкталган билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй окуу жүктөмүн аныктайт.

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 29 | 30 |
| Мектеп компоненти: | | | | | 1 | | | 1 | | | |

Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу мүмкүн болгон жүктөм деп эсептелет жана өзөртүүгө жатпаарын баса белгиледи. Расмий тил болгон орус тилине окуучулардын кызыгуусу көп болгондуктан сүйлөшүүлөрдүн негизинде 5,8-класска мектеп компонентинен бирден саат орус тили каралганын белгиледи.

Чечим:

Жумалык окуу жүктөмү тиркемедегидей бекитилсин, жана 5,8-класска мектеп компонентинен бирден орус тили предмети окутулсун.

Педагогикалык кеңештин төрагасы: Кашкариев А Б.

Педагогикалык кенештин катчысы: Бакаева А С.